DOI:10.33942/sit042252 УДК 347.78.034

# ФОРМИРОВАНИЕ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ БУДУЩИХ МЕНЕДЖЕРОВ В ПРОЦЕССЕ ИЗУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

**Жусупкелдиев К.К.**
*Ст.преп., Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына, karibekov_77@mail.ru*

***Аннотация:*** *В статье делается акцент на формирование коммуникативной компетентности будущих менеджеров как одного из основных качеств, необходимых для их успешной профессиональной деятельности. Коммуникативная компетентность, на наш взгляд, является одной из основ общепрофессиональной компетентности. Автор рассматривает обучение кыргызскому языку будущих менеджеров как эффективное педагогическое средство формирования коммуникативной компетенции. Поэтому одним из основных качеств менеджера является коммуникативная компетентность на профессиональном государственном языке.*

***Ключевые слова:*** *менеджер, коммуникация, компетенция, сотрудничество, профессиональный кыргызский язык.*

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ МЕНЕДЖЕРЛЕРДИН КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ КОММУНИКАТИВДИК КОМПОТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Жусупкелдиев К.К.**
*ага окутуучу, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, karibekov_77@mail.ru*

***Аннотация.*** *Макалада келечектеги менеджерлердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу алардын ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон негизги сапаттардын бири катары белгиленет. Коммуникативдик компетенттүүлүк, биздин пикирибиз боюнча, жалпы кесиптик компетенттүүлүктүн негизгилеринен болуп саналат. Автор келечектеги менеджерлерге кыргыз тилин үйрөтүүнү коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуу педагогикалык куралы катары карайт. Демек, менеджердин негизги сапаттарынын бири кесипкөй мамлекеттик тилиндеги коммуникативдик компетенттүүлүгү болуп саналат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *менеджер, коммуникация, компетенттүүлүк, кызматташтык, кесиптик кыргыз тили.*

# FORMATION OF COMMUNICATIVE COMPETENCE OF FUTURE MANAGERS IN THE PROCESS OF STUDYING THE KYRGYZ LANGUAGE

**Zhusupkeldiev K.K.**
*senior teacher, Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, karibekov_77@mail.ru*

***Annotation*** *The article focuses on the formation of the communicative competence of future managers as one of the main qualities necessary for their successful professional activity. Communicative competence, in our opinion, is one of the foundations of general professional competence. The author considers teaching the Kyrgyz language to future managers as an effective pedagogical tool for the formation of communicative competence. Therefore, one of the main qualities of a manager is communicative competence in a professional state language.*

***Key words:*** *manager, communication, competence, cooperation, professional Kyrgyz language.*

Ааламдашуу жана экономикалык турмуштагы олуттуу өзгөрүүлөр, эл аралык мамилелердин кеңейүүсү шартында Кыргызстан дүйнөлүк коомчулуктун ажырагыс бөлүгүнө айланууда. Эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында эл аралык кызматташтыкты тереңдетүү жана кеңейтүү жогорку кесиптик окуу жайынын азыркы кездеги бүтүрүүчүсүн даярдоонун сапатына жана анын кесипкөй чеберчилигине талаптарды коюп жатат.

Менеджмент чөйрөсүндөгү адистин квалификациялык мүнөздөмөсүндө (профессиограммасында) жетекчи – жаңы рыноктук экономикалык шарттарда башкаруучулук иш-аракеттерди жүзөгө ашыруучу жана коммуникативдик маданиятка ээ адис экендиги белгиленген. Жаңы технологиялар, ачылыштар жана илим менен техниканын өнүгүү тенденциялары менен өз убагында таанышуусу, чет өлкөлүк өнөктөштөр менен байланыш түзүү ошондой эле кесиптик ишмердүүлүктө мамлекеттик тил болгон кыргыз тилин практикалык билүүсү талап кылынат.

Демек, менеджердин негизги сапаттарынын бири кесипкөй мамлекеттик тилиндеги коммуникативдик компетенттүүлүгү болуп саналат. Жергиликтүү элдин тили болуп саналган кыргыз билүү адистин коммуникативдик маданиятынын компоненти катары коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү камсыз кылган тилди окутууга артыкчылыктуу роль берилет.

Адистиктин тили бул - билим берүү мекемесинде адистикке ээ болууда окуу-илимий жана кесиптик баарлашууну камсыздоочу тил. Билим алуучулар (студенттер, аспиранттар, курстун угуучулары) илимий стилди, оозеки илимий кепти, белгилүү адистиктин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт, алар өз кезегинде тандаган билим тармагында керектүү деңгээлдеги коммуникативдик компетенцияны камсыз кылат[1].

Билим берүүдөгү коммуникация процессинде коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун эки ыкмасын бөлүп карайбыз. Биринчиден, коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу иш-аракеттин тигил же бул түрү боюнча адистин кесиптик даярдыгынын моделинин, түзүмүнүн, курамынын компоненти катары. Коммуникативдик компетенттүүлүктүн мазмуну кесиптик коммуникациянын мазмуну, кесиптик иштин коммуникациялык компонентинин ролу, түрү, деңгээли, мүнөзү менен аныкталат. Экинчиден, окумуштуулар адистин негизги квалификациясы болгон компетенттүүлүктүн ар кандай түрлөрүн төмөнкүдөй ажыратышат: кесиптик компетенттүүлүк (Т.Б. Игонина), социалдык-маданий компетенттүүлүк (М.В. Болина), маданий компетенттүүлүк (А.Н. Федорова). Г.Г. Девятованын ою боюнча коммуникативдик компетенттүүлүк бул маданияттар аралык

байланышка даярдыгы. Н.О. Эпихина болсо тилдик компетенттүүлүктү дисциплиналар аралык түшүнүк катары карайт[2]. Биз болсо төмөнкү көз караштарды бөлүшөбүз: тил компетенциясы тилди кантип жана качан колдонууну билүүдөн турат (А.Н. Хомкий); бул билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн болушу жана аларды баарлашууда ишке ашыруу, коммуникативдик милдеттерге ылайык тексттерди адекваттуу кабыл алуу жана тексттерди жаратуу жөндөмдүүлүгү (Т.М. Дридзе); кесиптик ишмердүүлүктө зарыл коммуникация көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган ыкчам түшүнүк (Л.Н. Шабалина); ишмердүүлүк (байланыш) процессинде адам ишке ашырган билим, көндүмдөр, жөндөмдөр жана жеке коммуникация милдеттерине ылайык маалыматты иштеп чыгуу жөндөмү (Н.О.Эпихина)[3].

Биз коммуникативдик компетенцияны менеджерлердин интеллектуалдык жана кесиптик байланышынын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган кесиптик ишмердүүлүктүн коммуникативдик, интерактивдүү жана перцептивдүү аспектилери менен биримдикте карайбыз. Кесиптик ишмердүүлүктүн коммуникативдик багыты деп биз келечектеги жетекчилердин өз ара аракеттенүүсүнүн конкреттүү объектисине оозеки таасир көрсөтүү ыкмаларына жана иш-аракеттин кесиптик-предметтик жана кесиптик-социалдык чөйрөлөрүндө вербалдык баарлашуу ыкмаларына ээ болушунун жыйындысы катары түшүнөбүз. Ошол эле учурда баарлашуунун интерактивдүү жагы баарлашуу каражаттарын өздөштүрүү, ал эми кабылдоочу жагы таанып билүү жөндөмдөрүнүн тобун калыптандырууга багытталган. Болочок менеджердин “коммуникативдик компетенттүүлүгү” деген сөздүн алдында анын жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнүн негизги квалификациясын түшүнөбүз, ал эми коммуникативдик ишмердүүлүк билимин, жөндөмдөрүн; жана көндүмдөрүн, ийгиликтүү кесиптик иш үчүн зарыл болгон коммуникативдик иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн баарлаша билүү жөндөмдүүлүгүн, коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруунун зарылдыгын жана ага даярдыгын камтыйт[4]. Жетекчинин “коммуникациялык даярдыгы” дегендин астында коммуникативдик компетенциянын калыптанышынын натыйжасын түшүнөбүз. Биз келечектеги менеджерлерге кесиптик кыргыз тилин үйрөтүүнү коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн натыйжалуу педагогикалык каражаты катары карайбыз. Коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болуу сүйлөө ишмердүүлүгү жана баарлашуу теориясынын негизги жоболоруна ылайык ишке ашырылат. Тилдик материал кеп ишмердүүлүгүнүн тиешелүү түрүн ишке ашыруу жөндөмүн жана көндүмдөрүн калыптандыруунун каражаты катары каралат[5].

Биз тарабынан келечектеги менеджерлерде коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн каражаты катары кесиптик кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги талаптар аныкталды: социалдык жана кесиптик мотивация; адистештирилген окуу китебинин

болушу; кесиптик кыргыз тилин үйрөнүү үчүн жетиштүү саат саны; көрсөтмө куралдарды жана дисциплиналар аралык байланыштарды колдонуу; студенттердин жаш өзгөчөлүгүн эске алуу; билимдердин бирдей эместигин жоюу; кесиптик кыргыз тилин өздөштүрүү жөндөмүнүн калыптануу даражасы; оозеки жана жазуу жүзүндөгү кепти үйрөтүүдөгү кыйынчылыктарды жеңүү; окуу процессинде студенттин өз алдынча ишинин үлүшүн жогорулатуу; адистин келечектеги кесиптик ишинин мазмунун эске алуу менен окутуучунун жетиштүү коммуникативдик даярдыгы.

Биз тарабынан менеджмент багытында окуган студенттер үчүн окуу-методикалык комплекс иштелип чыккан. Бул курстун максаты келечектеги менеджерлердин коммуникативдик сапаттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, алардын кесиптик, коммуникативдик жана лингвистикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болгон. Бул курс коммуникацияга багытталган, интенсивдүү окутуу принциптерине негизделген. Лексикалык жана кептик бирдиктерди уюштуруу жолдору, жагдайлар, аларды уюштуруу формасы текст-полилог же негизги текст, б.а. жалпы сюжет менен бириктирилген микродиалогдорду жана микромонологдорду камтыган микрокырдаал. Микрокырдаалдардын алкагында тилдик жана окуу-тематикалык материалдар көрсөтүлүп, иштелип чыгат. Полилогдор студенттердин чыгармачылык жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүүгө, көңүлүн жана эс тутумун мобилизациялоого, баарлашууга болгон муктаждыкты өнүктүрүүгө аргасыз болгон жагдайларды камтыйт[6]. Курстун мазмуну типтүү кырдаалдарда оозеки жана жазуу түрүндөгү иштиктүү баарлашуунун негиздерин өздөштүрүүгө багытталган: таанышуу; аэропортто тосуп алуу; телефон менен сүйлөшүү; ишке орношуу; ишкер жолугушуу; иш сапар; ишкер сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү; келишимге кол коюу; дүң жана чекене соода; көргөзмөдө болуу жана башкалар.

Кесиптик кыргыз тилин оозеки кепке үйрөтүүнүн милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат: иштиктүү кепти угуу аркылуу түшүнүү жана ага адекваттуу жооп берүү, типтүү иштик кырдаалда маектеш менен баарлашууга катышуу, ишкердик сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жөндөмүн өздөштүрүү. Жазууга үйрөтүү багытында студенттер мамлекеттик тилде иштиктүү катты, коммерциялык каттарды, келишимди туура түзүүнү жана жазууну үйрөнүштү. Атайын курстун темаларын оюн сюжеттери катары колдонуу коммуникативдик оюндарды менеджердин кесиптик ишинин мазмуну менен байланыштырууга б.а. аларга ишмердүүлүк мүнөз берүүгө мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, биз сюжетти, көйгөйлүү кырдаалды жана баарлашуу темасын бир семантикалык жип менен байланыштырдык. Сунушталган татаал дидактикалык тапшырманы иш-аракет тапшырмаларынын үч түрүнө бөлдүк: коммуникативдик оюндар, коммуникативдик тууроо, эркин баарлашуу. Окутуунун

акыркы этабында болочок менеджерлерде кесипкөй компетенттүү пикирлерди, ойлорду жана баалоолорду билдирүүгө мүмкүндүк берүүчү билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү, интеллектуалдык сапаттары, баарлашуу жөндөмдөрү белгилүү бир жүрүм-турумду калыптандыруудан, адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүдөн турган мамлекеттик тилдеги кесиптик коммуникативдик компетенттүүлүк калыптанат.

## АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. ***Жусупкелдиев К.К.*** *Кесиптик тил:анын пайда болушу, аткарган кызматы, колдонулуш чөйрөсү// Наука и инновационные технологии. 2/2021(19) 75-80 с.*
2. ***Горбунова И.П.*** *Формирование коммуникативной компетентности у будущих менеджеров в процессе преподавания иностранного языка в системе среднего профессионального образования: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / И.П. Горбунова. – Чебоксары, 2008. – 20 с.*
3. ***Девятова Г.Г.*** *Формирование готовности будущих учителей иностранного языка к межкультурной коммуникации: дис. канд.пед.наук. / Г.Г. Девятова. – Магнитогорск, 2002. – 184 с.*
4. ***Местечкин В.И.*** *Развитие коммуникативной компетентности менеджеров образования впроцессе повышения квалификации (на примере деятельности руководителей и педагогов учреждений начального профессионального образования): автореф. дис. ... канд. пед. наук. / В.И. Местечкин. – Челябинск, 2003. – 27 с.__*
5. ***Штанько Е. В.*** *К вопросу о формировании профессионально-ориентированной языковой компетенции бакалавров и магистров в сфере менеджмента / Е. В. Штанько. — Текст: непосредственный // Актуальные задачи педагогики: материалы III Междунар. науч. конф. (г. Чита, февраль 2013 г.). — Т. 0. — Чита: Издательство Молодой ученый, 2013. — URL: https://moluch.ru/conf/ped/archive/67/3361/ (дата обращения: 24.11.2022).*
6. ***Архипова А. А.*** *Формирование умений делового общения. / Сборник научных трудов СевКавГТУ // Серия «Гуманитарные науки». — 2009. — № 7.*
7. ***Безрукова В. С.*** *Педагогика [Текст] // В. С. Безрукова. — Екатеринбург: СИПИ, 1990. Зимняя И. А. Ключевые компетенции — новая парадигма результата образования. // Высшее образование сегодня. — 2003. — № 5. Дружинина М. В. Понятие и принципы формирования языковой образовательной политики университета. // Известия РГПУ им. А. И. Герцена: Психолого-педагогические науки: Научный журнал. — 2008. — № 10 (52).*
8. ***Позднякова Ж. С.*** *Формирование комплекса педагогических условий реализации системы управленческой культуры [Текст] / Ж. С. Позднякова // Педагогика: традиции и инновации (II): материалы междунар. заоч. науч. конф. (г. Челябинск, октябрь 2012 г.) — Челябинск: Два комсомольца, 2012.*
9. ***Рыбкина А. А.*** *Принцип профессиональной целесообразности при обучении чтению в неязыковых вузах. // Интеграция методической (научно-методической) работы и системы повышения квалификации кадров: материалы XII Всероссийской науч.-практ. конф. 20 апреля 2011 г. — М., Челябинск: изд-во ИИУМЦ Образование, 2011.*


**Рецензент: М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Турпанова Жылдыз Асыранбековна, jyldyztur@mail.ru**